# 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттигинин (мурунку Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин “Унаа” мамлекеттик мекемеси) ишине жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө Отчет

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 11-июлундагы № 06-1/474, 2024-жылдын 18-июлундагы № 06-1/493, №06-1/494, 2024-жылдын 4-сентябрындагы № 06-1/581 буйруктарына ылайык, аудитор А.Т. Байгазаковдун жетекчилиги астында, мамлекеттик инспекторлор А.А. Абдуллаев, С.М. Рысалиев тарабынан 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттигинин (мурунку Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин “Унаа” мамлекеттик мекемеси) ишине шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Жооптуу тарап жана аудит субъектиси**

Ушул аудитке карата жооптуу тарап - Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети, ал эми аудиттин субъектиси болуп Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттиги.

**Аудит субъектисинин милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттигинин жетекчилиги мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдеттери**

Аудитордун жана аудит тобунун милдети Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттигинин иши аудиттин критерийлерине ылайык келүүсүнө, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде тиешелүү тыянактарга өз алдынча келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөөчүлүк тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудиттин аткарылуучу жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган

корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу болуп саналат деп эсептейбиз.

**Аудит предмети**

Аудиттин предмети болуп, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттигинин ишинин укук белгилөөчү ченемдик укуктук актыларда бекитилген максаттарга жана милдеттерге жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келиши эсептелет.

**Аудиттин критерийлери**

Аудиттин критерийлери болуп  Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттигинин ченемдик укуктук иш кагаздарында бекитилген максаттарга жана милдеттерге шайкеш келүүсүн изилдөө болуп саналат:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 25-сентябрындагы № 240 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорттук каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттикти түзүү жөнүндө" Жарлыгы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибин бекитүү жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-июнундагы №407 “Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды каттоо маселелери жөнүндө”  токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-декабрындагы № 819 “Квалификациялык сынактарды кабыл алуу, айдоочулук күбөлүктөрдү жана тракторист-машинисттин күбөлүктөрүн берүү эрежелерин бекитүү жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-декабрындагы № 345 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин “Унаа” мамлекеттик мекемеси жөнүндө”  Жобо.

**Иштi аткарууда колдонулган аудит стандарттарын аныктоо**

Иш Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген Шайкештик аудити боюнча колдонмолорго ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга ылайык келүү**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык талаптардын сакталышын, ошондой эле аудиттин предмети бардык олуттуу аспектилери боюнча мыйзамдык жана жөнгө салуу ченемдеринин талаптарына ылайык аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

Аудиттин жүрүшүндө, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин "Унаа" мамлекеттик мекемесинин (мындан ары-"Унаа" ММ) ишмердүүлүгүнө тиешелүү ченемдик укуктук документтер, ички ченемдик документтер, 2023-жылга отчеттуулук, ченемдик укуктук актылардын талаптарынын сакталышы, атайын эсептин каражаттарынын түзүлүшүнө жана аткарылышына талдоо жүргүзүлүп, анын негизинде олуттуулуктун деңгээли аныкталып. Эмгек акыга, социалдык чегерүүлөргө, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга, чыгашаларды түзүүнүн тууралыгына, мамлекеттик сатып алууларга, транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча автомототранспорт каражаттарын, өзү жүрүүчү технологиялык машиналарды, тракторлорду, стационардык технологиялык түзүлүштөрдү жана жабдууларды каттоо, кайра каттоо, квалификациялык экзамендерди өткөрүү жана кабыл алуу боюнча талаптарга аудит жүргүзүлдү.

Аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын бекитилген программасына ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттигинин кызмат адамдары жана аткаруучу адамдары берген документтердин, материалдардын, маалыматтардын негизинде жүргүзүлдү.

"Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 29-беренесине ылайык аудитке берилген документтердин, финансылык отчеттуулуктун, башка отчеттордун жана маалыматтардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчиликти аудит субъектисинин кызмат адамдары жана аткаруучу адамдары тартат.

Аудит чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундуларды жана сунуштарды негиз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Аудит мезгилинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп, төмөндөгүлөр эсептелишкен:**

- *биринчи кол коюу укугу менен* – 2021-жылдын 1-октябрынан тартып 2024-жылдын 13-мартына чейин "Унаа" мамлекеттик мекемесинин директору Р.Дж. Джокоев;

- *экинчи кол коюу укугу менен* - башкы бухгалтер А.М. Сабирова 2022-жылдын 1-мартынан баштап азыркы учурга чейин.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн шайкештик аудитинин жыйынтыгында Агенттиктин иши төмөндө көрсөтүлгөн жагдайларды кошпогондо, жалпысынан бардык олуттуу аспектилери боюнча ченемдик укуктук актылардын талаптарына шайкеш келери аныкталды.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктун жана сунуштаманын аткарылышы**

2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-январына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматына 2024-жылдын 17-июлундагы № 01-20/79 жөнөтүлгөн сунуштама толугу менен аткарылган.

**Аудит субъектисинин кыскача мүнөздөмөсү**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттик (мындан ары - Агенттик) автомототранспорт каражаттарын, өзү жүрүүчү технологиялык машиналарды, тракторлорду, стационардык технологиялык түзүлүштөрдү жана жабдууларды (мындан ары - транспорт каражаттары) каттоо, кайра каттоо, квалификациялык экзамендерди өткөрүү жана кабыл алуу, транспорт каражаттарын башкаруу укугуна айдоочулук күбөлүктөрдү жана өзү жүрүүчү технологиялык машиналарды башкаруу укугуна тракторист-машинисттин күбөлүктөрүн берүү, Кыргыз Республикасынын айдоочулук күбөлүктөрүн жекелештирүү, транспорт каражаттарынын айдоочуларын даярдоо жана кайра даярдоо боюнча окутуу уюмдарынын (автомектептердин) ишин лицензиялоо, транспорт каражаттары үчүн мамлекеттик каттоочу номердик белгилерин жасоо жана мамлекеттик каттоочу цифралардын же/жана тамгалардын өзгөчө айкалышындагы номердик белгилерин, ошондой эле автотранспорт каражаттарынын ысымдуу номердик белгилерин сатуу чөйрөлөрдө мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу боюнча функцияларды жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы болуп саналат.

Агенттик Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин "Унаа" мамлекеттик мекемесинин укук улантуучусу болуп саналат.

Агенттиктин ишинин максаты транспорт каражаттарын каттоо, кайра каттоо, айдоочулук күбөлүктөрдү, тракторист-машинисттин күбөлүктөрүн берүү жана айдоочуларга транспорт каражаттарын башкарууга уруксат берүү, Кыргыз Республикасынын айдоочулук күбөлүктөрүн жекелештирүү чөйрөсүндө заманбап маалыматтык системаларды колдонуу менен мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдей жеткиликтүүлүгүн жана сапатын жакшыртууну камсыз кылуу, транспорт каражаттары үчүн мамлекеттик каттоочу номердик белгилери менен сапаттуу жана үзгүлтүксүз камсыз кылуу, транспорт каражаттарынын айдоочуларын даярдоо жана кайра даярдоо боюнча окутуу уюмдарынын (автомектептердин) ишин лицензиялоо болуп эсептелет.

**Бюджеттик каражаттардын сметасын түзүү жана аткаруу**

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги тарабынан 2023-жылга “Унаа” мамлекеттик мекемеси боюнча чыгымдардын сметасы 2001,8 миң сомго бекитилген, өзгөртүүлөрдү эске алуудан кийин 2489,2 миң сомду түздү. Кассалык чыгымдар 2211,4 миң сомду түздү, анын ичинен:

- “Эмгек акы” беренеси боюнча чыгымдар 2328,2 миң сом каралып, кассалык чыгымдар 2108,5 миң сомду түздү;
- “Социалдык фондго чегерүүлөр” беренеси боюнча чыгымдар 161,0 миң сом суммасында каралып, кассалык чыгымдар 102,9 миң сомду түздү.

**Депозиттик каражаттардын киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн түзүлүшүнө аудит**

2023-жылга депозиттик эсепке түшкөн каражаттардын калдыгы 7479,6 миң сомду түздү, ал эми жыл ичинде келип түшкөн башка салыктык эмес кирешелер 13361,8 миң сомду түзгөн, анын ичинен 11399,4 миң сом пайдаланылган мамлекеттик номурларды сатуудан бюджеттин кирешесине киргизилген. Башка чыгымдар 1638,8 миң сом болгон. Ал эми жылдын аягында калган калдыгы 7803,2 миң сомду түздү.

**Атайын эсептин каражаттарынын аткарылышына аудит**

“Унаа” ММсы тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү кызматтардын тарифтеринин Прейскуранты Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын 2023-жылдын 6-февралындагы №3 буйругу менен бекитилген.

Берилген маалыматтар боюнча, 2023-жылы акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүдөн алынган киреше 615 033,8 миң сомду түзгөн.

“Унаа” ММнин “Атайын каражаттардын сметасынын аткарылышы жөнүндө” отчетуна ылайык, 2023-жылдын башына акча каражаттарынын калдыгы 25 636,9 миң сомду түзгөн. Көрсөтүлгөн кызматтардан “Унаа” ММге 615 042,0 миң сомго киреше түшүп, сметада көрсөтүлгөн 497 168,7 миң сомдун ордуна 615 042,0 миң сом киреше түшүп сметадагы көрсөткүчтөн 117 873,3 миң сомго ашыкча аткарылган. Иш жүзүндөгү бюджетке төлөнгөн 58 871,1 миң сомду алып салганда мекеменин кирешеси 556 170,9 миң сомду түзгөн.

2023-жылга атайын эсептин каражаттардын чыгымдарынын сметасы, башындагы калдыкты эске алуу менен 522 806,7 миң сомду түзгөн, ал эми кассалык чыгымдар 483 838,0 миң сомду, факт жүзүндөгү чыгымдар 471 756,2 миң сомду түзгөн.

Жылдын жыйынтыгы боюнча акча каражаттарынын калдыгы 97 969,8 миң сомду түзгөн.

**Эмгек акыга аудит**

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министри тарабынан 2022-жылдын 23-августунда бекитилген штаттык ырааттамага ылайык, 2023-жылга “Унаа” мамлекеттик мекемесинин 3 штаттык бирдик мамлекеттик кызматкер катары республикалык бюджеттен бекитилген, бир айлык эмгек акы фондусу 174,5 миң сом, жана кварталдык сый акы, эмгек өргүүгө, ден-

соолукту чыңдоого төлөнүүчү жөлөк пулдарды кошуп жылдык эмгек акы фонду 3 537,6 миң сомду түзгөн. Административдик персонал 260 бирдик, ТТП 106 бирдик, бардыгы болуп 376 бирдик, бир айлык эмгек акы фонду 7980,0 миң сом өлчөмүндө бекитилген. 2023-жылга “Унаа” ММдин эмгек акыга чегерилген чыгымдар 385 600,1 миң сомду түзгөн.

“Унаа” ММге аудит жүргүзүлгөн мезгил аралыгында атайын эсептин каражаттарынан жамааттык келишимдин жана сый акы төлөө (материалдык сыйлоо) жөнүндөгү жобонун негизинде 201841,5 миң сом сый акы төлөнүп берилген. Төлөнгөн сый акынын ичинен мекеменин жетекчилерине 3 310,3 миң сом, катардагы кызматкерлерге 198 531,2 миң сом сый акылар берилген.

**Аныкталды жана корутунду**

Аудит жүргүзүлгөн мезгил аралыгында, ар бир кызматкерди сыйлоодо кызматкерлердин отчеттук мезгил ичинде аткарган иштери боюнча баалоо критерийлери жүргүзүлбөстөн, “КР ИИМ “Унаа” ММнын кызматкерлерин сыйлоо (материалдык сыйлоо) жөнүндө” Жобонун 3.5-пунктун бузуу менен, мекеменин кызматкерлерине берилген сый акылардын ичинен Кыргыз Республикасы Өкмөтү тарабынан белгиленген майрам күндөрүнө жана юбилейлик даталарга берилген бир жолку сый акылар 138 005,0 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

“Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин “Унаа” мамлекеттик мекемесинин кызматкерлерин сыйлоо (материалдык сыйлоо) жөнүндө” Жобонун 3.5-пунктун бузуу менен, 138 005,0 миң сомго сый акыларды төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Сыйлоо жөнүндө ченемдик укуктук актыга жана жамааттык келишимге функционалдык талдоо жүргүзүлсүн жана кызматкерлерди сыйлоо критерийлери кайра каралып чыксын.

**“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын аткарылышына аудит**

“Унаа” ММнын 2023-жылга мамлекеттик сатып алуулары “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 27 Мыйзамынын негизинде ишке ашырылган (2023-жылдын 30-январындагы №19, 2023-жылдын 25-июлундагы № 147, 2023-жылдын 7-августундагы №165 өзгөртүүлөрдүн негизинде).

Өткөрүлгөн сынактардын ичинен **89** келишим түзүлгөн–**40 787 007,5** сом суммасына (план **– 44 057 658,5** сом), үнөмдөлгөн каражат **3 270 651,0** сомду түзгөн.

**2023-жылга баалардын прейскурантына аудит**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы № 637 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо” тартибинин 2.4-пунктуна ылайык, мамлекеттик органдардын түзүмдүк бөлүмчөлөрүнүн жана ведомстволук мекемелеринин акы төлөнүүчү кызмат

көрсөтүүлөрүнүн (иштеринин) тарифтери (баалары) Кыргыз Республикасынын Монополияга каршы мамлекеттик органынын аймактык бөлүмчөлөрү менен макулдашуу боюнча жогору турган орган тарабынан бекитилет.

**Аныкталды жана Корутунду**

Жогорудагы токтомго ылайык, “Унаа” Мамлекеттик ишканасынын 2023-жылга карата жаңы баалардын прейскуранты Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен 2023-жылдын 6-февралындагы № 3 буйругу менен макулдашылган жана 5-пунктунун негизинде бекитилген күндөн баштап күчүнө кирмек. Баалардын прейскуранты Кыргыз Республикасынын Ички Иштер министрлигинин 2023-жылдын 7-февралындагы № 79 буйругу менен бекитилип, ишке киргизилүүгө тийиш эле. Бирок иш жүзүндө, 2023-жылдын 13-февралында ишке киргизилип, “Унаа” ММде 2023-жылдын 8-12 февралына чейин 216,4 миң каттоо иштери жүргүзүлүп, эсеп боюнча **1 974,0** миң сомдук киреше албай калган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын 2023-жылдын 6-февралындагы № 3 “Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин “Унаа” мамлекеттик мекемеси тарабынан көрсөтүлүүчү акы төлөнүүчү кызматтардын тарифтеринин прейскурантын макулдашуу жөнүндө” буйругун бузуу менен, транспорттук каражаттарды каттоодо жаңы баалардын прейскуранты өз убагында кирбей калгандыгынын себептерин талдап, каттоого жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 27-июнундагы №407 токтомунун негизинде транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды каттоо жана эсептен чыгаруу боюнча 2023-жылга карата айрым иштерине жүргүзүлгөн аудит**

“Унаа” ММ тарабынан транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды каттоо, кайра каттоо жана эсептен чыгаруу боюнча 2023-жылы жалпысынан 2 738,1 миң каттоолор жүргүзүлгөн. Анын ичинен:

| Катар номери | Каттоонун аты | Саны |
|---|---|---|
| 1 | Унааны каттоо | 552 717 |
| 2 | Транспорт каражаттарынын маалымат базасын түзүү | 205 946 |
| 3 | Жеринде текшерүү | 506 441 |
| 4 | Чыгуу менен жеринде текшерүү | 26 532 |
| 5 | Мамлекеттик номер белгисин берүү | 713 653 |
| 6 | Атайын технологиялык машиналарды каттоо ӨЖТМ | 5 862 |
| 7 | Атайын технологиялык машиналарды мааламат базасын түзүү ӨЖТМ | 2 662 |
| 8 | Жеринде текшерүү ӨЖТМ | 1 064 |
| 9 | Чыгуу менен жеринде текшерүү ӨЖТМ | 5 117 |
| 10 | Мамлекеттик номер белгисин берүү ӨЖТМ | 4 330 |

| | | |
|---|---|---|
| 11 | Айдоочулук күбөлүктү каттоо | 137 517 |
| 12 | УТМ каттоо | 1 824 |
| 13 | Ырастоо | 42 109 |
| 14 | Мамлекеттик номер белгисин берүү (прицеп, мото) | 11 544 |
| 15 | Мамлекеттик номерди калыбына келтирүү | 8 610 |
| 16 | Теория боюнча экзамен | 372 475 |
| 17 | Практика боюнча экзамен | 128 777 |
| 18 | Карчек | 10 907 |
| | Баары | **2 738 087** |

Жалпы 2023-жылы жүргүзүлгөн 552,7 миң каттоонун ичинен аудит учурунда биринчи каттоодон өткөн 133,1 миң транспорттук каражаттар катталган. Унааларды биринчи каттоодон өткөргөн убакта төмөнкүдөй процесстер жүргүзүлүп, төлөмдөр алынат:

- унаа каражаттарын текшерүү боюнча оператор унааны ар тараптан визуалдуу карап, 6 жагынан планшетке сүрөткө тартып, тышкы көрүнүшүн, кузовдун номери (VIN), одометр көрсөтүлгөн аянтча "Транспорт каражаттарынын регистри" автоматташтырылган маалымат тутумуна киргизет, бул процесс үчүн кардардан 264 сом алынат;

-биринчи каттоодо генерация кылуу:

а) бажы декларациясынын негизинде транспорт каражаттары тууралуу маалымат жазылып, сканерден өткөрүлүп (инвойс, лаборатория жыйынтыгы, жол эрежесин бузуу боюнча протокол-болсо, келип чыгышы тууралуу күбөлүк, унаанын баасы), ээсинин маалыматтары киргизилип, фото-идентификациялоодон өткөрүлөт. Бул процесс үчүн кардардан 273 сом алынат;

б) мамлекеттик номерди базадан берүү үчүн 265 сом кардардан алынат;

в) транспорт каражаттарын каттоо жөнүндөгү күбөлүктү базадан берүү үчүн кардардан 252 сом алынат.

**Аныкталды жана корутунду**

Техникалык каражаттарды биринчи каттоодогу төлөмдөрдөн сырткары кардардан транспорт каражатын каттоого 264 сом, ал эми атайын технологиялык транспортторду каттоо үчүн (өзү жүрүүчү транспорттук механизмдер) 195 сом өлчөмүндө да акча каражаты ашыкча алынган.

**2023-жылка техникалык каражаттардын жургузулгон жалпы биринчи каттосу боюнча маалымат**

| | 01.01-12.02.23-жыл | | | 13.02.-31.12.23 жыл | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | саны | баасы | сумма | саны | баасы | сумма | баары |
| Биринчи катоо АМТС | 200 | 121 | **24,20** | 2363 | 203 | 479,70 | **503,90** |
| Биринчи каттоо СТМ | 10461 | 195 | **2 039,90** | 120052 | 264 | 31 692,70 | **33 732,60** |
| Итого | 133076 | | | | | | **34 236,50** |

Жалпысынан аудит учурунда 133,1 миң биринчи каттоолор жүргүзүлүп, ошондой эле көлөмдө транспорт каражатын каттоо деп ашыкча кайрадан алынган акча каражаты 34 236,5 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-июнундагы № 407 токтому менен бекитилген “Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды, ошондой эле аларга карата менчик укуктарын мамлекеттик каттоо, кайра каттоо” эрежелерин бузуу менен, баштапкы транспорт каражаттарын каттоо учурунда транспорт каражат ээлеринен 34 236,5 миң сомго ашыкча алынган (транспорт каражаттарын каттоо кызматтарын көрсөтүүдө) акча каражаттарына жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

*Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматына:*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы № 637 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо” тартибинин 9.2-пунктуна ылайык, баштапкы транспорт каражаттарын каттоо учурунда транспорт каражат ээлеринен ашыкча алынган (транспорт каражаттарын каттоодогу кызмат көрсөтүүдө) 34 236,5 миң сом республикалык бюджетке чегерилүүсү камсыздалсын.

**“Унаа” мамлекеттик ишканасында жүргүзүлгөн транспорт каражаттарын кароодон өткөрүү процессине аудит**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-июнундагы №407 токтому менен бекитилген, “Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды, ошондой эле аларга карата менчик укуктарын мамлекеттик каттоо, кайра каттоо” эрежелеринин 10-пунктунда көрсөтүлгөндөй, Ыйгарым укуктуу орган (“Унаа” мамлекеттик ишкана) транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды каттоодо, кайра каттоодо, эсептен чыгарууда иш-аракеттеринин бири болуп транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды фотофиксациялоо менен визуалдык кароодон өткөрөт жана транспорт каражатынын, өзү жүрүүчү технологиялык машинанын жана трактордун алты фотосүрөтүн электрондук маалыматтар базасына киргизет (тышкы көрүнүшүнүн төрт тарабы, кузовдун номери (VIN), одометр көрсөтүлгөн аянтча), зарыл болгон учурда транспорт каражатын, түзүлүштү жана жабдууну жалгыз кароо актысын берет деп көрсөтүлгөн. Аудит учурунда транспорт каражаттарын алгачкы каттоодон кийин бир күн ичинде кайра каттоого өткөн учурда фотофиксациялоо менен визуалдык кароодон өткөрүү процессине аудит жүргүзүлдү.

**Аныкталды жана корутунду**

**2023-жылы алгачкы каттоодон өткөн транспорт каражаттарынын бир күн ичинде кайра каттоого өткөндө кароодон өткөндүгү тууралуу маалымат**

| Каттоо мазмуну | 01.01-12.02.23-ж | | | 13.02.-31.12.23-ж | | | **Баары** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | саны | баасы | Сумма | саны | баасы | сумма | |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Транспорт каражаттарын алгачкы каттоодон кийин бир күндүн ичинде кайра каттоого өткөндөрү<br>-жалпы саны | 2793 | 195 | 544,6 | 30288 | 264 | 7 996,0 | **8 540,7**<br>**32 662** |
| анын ичинен:<br>Токтомдун 10-пунктуна ылайык фотофиксациялоо менен визиуалдык кароодон өтпөгөнү | 2377 | 195 | 463,5 | 25943 | 264 | 6 849,0 | **7 312,5** |
| Кароодон өтпөгөн техникалык каражаттардын саны | | | | | | | **28 320** |

Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине караштуу "Инфоком" мамлекеттик ишканасынан "Транспорт каражаттарынын регистри" автоматташтырылган маалымат тутумунан алынган маалыматка ылайык, транспорт каражаттарын алгачкы каттоодон кийин бир күндүн ичинде кайра каттоодон өткөн транспорттук каражаттардын саны 32 662 даана болгон, анын ичинен аудит учурунда "Унаа" ММ тарабынан алгачкы каттоодон кайра каттоого өткөн транспорттук каражаттар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-июнундагы №407 токтому менен бекитилген, "Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды, ошондой эле аларга карата менчик укуктарын мамлекеттик каттоо, кайра каттоо" эрежелердин 10-пунктун бузуу менен, фотофиксациялоо менен визиуалдык кароодон 28 320 транспорт каражаттарын өткөрбөстөн эле аларды алгачкы каттоодон өткөн кароонун негизинде өттү деп, кардарлардан жалпысынан кошумча **7 312,5** миң сом акча каражаты негизсиз алынганы аныкталган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-июнундагы № 407 токтому менен бекитилген "Транспорт каражаттарын, түзүлүштөрдү жана жабдууларды, ошондой эле аларга карата менчик укуктарын мамлекеттик каттоо, кайра каттоо" эрежелерин бузуу менен, транспорт каражаттарын каттоо учурунда кардарлардан 7 312,5 миң сомго негизсиз алынган акча каражаттарына жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

*Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматына:*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы № 637 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо" Тартибинин 9.2-пунктуна ылайык, транспорт каражаттарын каттоо учурунда

кардарлардан негизсиз алынган 7 312,5 миң сом республикалык бюджетке чегерилүүсү камсыздалсын.

**Квалификациялык сынактарды кабыл алуу, айдоочулук күбөлүктөрдү жана тракторист-машинисттин күбөлүктөрүн берүү боюнча “Унаа” ММнин ишине аудит**

“Унаа” ММси Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн “Квалификациялык сынактарды кабыл алуу, айдоочулук күбөлүктөрдү жана тракторист-машинисттин күбөлүктөрүн берүү эрежелерин бекитүү жөнүндө” 2017-жылдын 18-декабрындагы № 819 токтому негизинде иш жүргүзөт.

2023-жылы транспорт каражаттарын башкаруу укугун алуу багытында билим берүүчү окуу уюмдарына улуттук айдоочулук күбөлүк (мындан ары – УАК) алуу үчүн категория боюнча катталган талапкерлердин жалпы саны 143171.

Ал эми тракторист-машинисттин күбөлүгүн (мындан ары – ТМК) алуу үчүн категория боюнча катталган талапкерлердин саны 1456.

2023-жылы транспорт каражаттарын башкаруу укугун алуу багытында билим берүүчү окуу уюмдарына УАКты алуу үчүн категория боюнча ийгиликтүү аяктаган талапкерлердин жалпы саны 143447 (бул жерде катталгандардан аяктагандардын саны көп болуп жаткандыгы, 2022-жылдын акыркы кварталындагы катталгандар 2023-жылы аяктаганына байланыштуу).

Ал эми, ТМКны алуу үчүн категория боюнча ийгиликтүү аяктаган талапкерлердин жалпы саны 1496.

2023-жылы транспорт каражаттарын башкаруу укугун алуу үчүн “Айдоочулук курамды каттоо” автоматташтырылган маалыматтык тутумуна (мындан ары - “АКТ” АМТ) теориялык сынакка катталган талапкерлердин жалпы саны 533413 теориялык сынакка катталып, анын ичинен 361475 талапкер сынакка катышса, калган 171938 талапкер сынакка катышкан эмес

- 2023-жылы транспорт каражаттарын башкаруу укугун алуу үчүн “АКТ” АМТга теориялык сынакты ийгиликтүү тапшырган талапкерлердин жалпы саны 72368, анын ичинен УАКга категория менен ийгиликтүү тапшыргандардын саны 72343.

Ал эми, ТМКны алуу үчүн категория боюнча теориялык сынакты ийгиликтүү тапшырган талапкерлердин жалпы саны 25.

Теориялык сынакты 21 жолу тапшырып ийгиликтүү тапшырган талапкерлер катталган.

- “АКТ” АМТдан алынган маалыматка ылайык, практикалык сынакка 2023-жылы жалпы 180749 талапкер каттоого алынган

- Катталган талапкерлердин ичинен ийгиликтүү тапшыргандардын саны 135018 талапкер, ал эми практикалык сынактарды ийгиликсиз тапшырган талапкерлердин саны 45731.

- 2023-жылы жалпы айдоочулук күбөлүк алуу үчүн “Унаа” ММнин адистерине кайрылгандардын негизинде, адистер тарабынан жалпы ар-бир категория жана категорияларга 356886 арыз түзүлгөн.

2023-жылы мониторингдин негизинде жалпы теориялык сынак тапшыруу учурунда видео камера, уюлдук телефон, атайын угуучу техникаларды колдонуу боюнча аныкталган 50 мыйзам бузуу фактылары катталган.

**Аныкталды жана Корутунду**

2023-жылга жалпы теориялык сынакка 533 413 талапкер жана практикалык сынакка 180749 талапкер катталган. Теориялык сынактарды ийгиликтүү тапшыргандардын саны болгону 72 368 талапкерди түзгөн, же теориялык сынакты ийгиликтүү аяктагандардын пайыздык көрсөткүчү 13%. Бул пайыздык көрсөткүч менен окуу уюмдарынын талапкерлерди даярдоодо билим деңгээли төмөн бергендиги жана “Унаа” ММ тараптан коррупциялык көрүнүштөргө каршы жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгынын көрсөткүчү болуп саналат.

**Сунуштама:**

Коррупциялык көрүнүштөрдү жок кылуу максатында ар-бир алты ай сайын сынак комиссиясынын мүчөлөрүн алмаштыруу маселеси каралсын.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-февралындагы №78 токтому менен бекитилген Жобого ылайык, транспорт каражаттарынын айдоочуларын даярдоону жана кайра даярдоону жүзөгө ашыруучу автомектептердин ишин лицензиялоо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Транспорт каражаттарын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттигине жүктөлгөндүгүнө байланыштуу окуу уюмдарында билим деңгээлин жогорулатуу максатында лицензиялык текшерүүдө талаптарды бекем коюу жана талапка жооп бербеген окуу уюмдарынын ишмердүүлүгү токтотулсун.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын**
**аудитору** **А.Т. Байгазаков**